|---|---|---|---|---|
| | | **Ылайык келбейт** | **Жарым-жартылай ылайык келет** | **Ылайык келет** |
| **1. БИЛИМ БЕРҮҮ ПРОГРАММАСЫНЫН МАЗМУНУ ЖАНА ОКУУ-МЕТОДИКАЛЫК КАМСЫЗДАЛЫШЫ** | | | | |
| **Билим берүү программасынын мазмуну жана окуу-методикалык камсыздалышы мамлекеттик билим берүү стандартына жана кызыкдар тараптардын керектөөлөрүнө ылайык келиши керек** | | | | |
| 1.1 | Окуу планынын жана программалардын билим берүү стандартынын, базистик окуу планынын талаптарына жана кызыкдар тараптардын керектөөлөрүнө ылайык келүүсү | Ылайык келбейт | Окуу планы жана программа билим берүү стандартынын жана базистик окуу планынын талаптарына ылайык келет, бирок керектөөлөрдүн талдоосу же жүргүзүлгөн эмес, же кызыкдар тараптардын керектөөлөрүнө ылайык келбейт. | Окуу планы жана программа билим берүү стандартынын жана базистик окуу планынын талаптарына жана кызыкдар тараптардын керектөөлөрүнө ылайык келет. |
| 1.2 | Окуу-методикалык камсыздоонун билим берүү стандартынын талаптарына жана кызыкдар тараптардын керектөөлөрүнө ылайык келүүсү | Ылайык келбейт | Окуу-методикалык камсыздоо билим берүү стандартынын талаптарына толугу менен же жарым-жартылай ылайык келет. Кызыкдар тараптардын керектөөлөрү эске алынган эмес. | Окуу-методикалык камсыздоо билим берүү стандартынын жана кызыкдар тараптардын керектөөлөрүнө толугу менен ылайык келет. |
| 1.3 | Жетиштүү маалыматтык ресурстардын (окуучулардын контингентине, анын ичинде окутуу тилдерине карата окуу – методикалык адабияттардын фонду) болушу | ОМК менен камсыздоо 50%дан аз | Окутуунун ар бир тили боюнча ОМК менен камсыздоо 50%дан 80%га чейин.<br>Маалыматтык ресурстарды, анын ичинде электрондук ресурстарды толуктоо үчүн ар | Окутуунун ар бир тили боюнча ОМК менен камсыздоо 80%дан ашуун.<br><br>ОЖда ар кандай маалыматтык ресурстар, анын ичинде |

| № | Критерийлер | Ылайык келүү индикаторлору | | |
|---|---|---|---|---|
| | | Ылайык келбейт | Жарым-жартылай ылайык келет | Ылайык келет |
| | | | кандай мүмкүнчүлүктөр колдонулат. | электрондук ресурстар жеткиликтүү. |
| 1.4 | Билим берүү программасынын жана окуу-методикалык камсыздоонун мазмунун жакшыртуу максатында кызыкдар тараптардын күтүүлөрүн, керектөөлөрүн жана канааттануусун мезгилдүү баалоонун жана маалыматтык коопсуздукту камсыздоонун колдонуудагы механизминин болушу | Бекитилген жана колдонуудагы механизмдер жок | Маалымат менен камсыздоонун, кызыкдар тараптардын күтүүлөрүн, керектөөлөрүн жана канааттануусун мезгилдүү баалоонун жана маалыматтык коопсуздукту камсыздоонун механизмдери бекитилген | Маалымат менен камсыздоонун, кызыкдар тараптардын күтүүлөрүн, керектөөлөрүн жана канааттануусун мезгилдүү баалоонун жана маалыматтык коопсуздукту камсыздоонун механизмдери бекитилди жана колдонулат |
| **2. КОМПЕТЕНТТҮҮ ОКУТУУНУ ИШКЕ АШЫРУУ ЖАНА ОКУУЧУЛАРДЫН ЖЕТИШКЕНДИКТЕРИН БААЛОО** | | | | |
| **Билим берүү уюму окуучуларды окутууда жана жетишкендиктерин баалоодо компетенттүүлүк мамилесин ишке ашырат** | | | | |
| 2.1. | Окутуунун пландаштырылган максаттарынын болушу | Көрсөтүлгөн эмес/жок | Окутуунун максаттары билим берүү уюмунун, методикалык кеңештин жана методикалык бирикмелердин, класстан тышкары иш алып баруу пландарында жана программаларында белгиленген. Максаттар МБСке ылайык келет, окуучунун компетенттүүлүгүн өнүктүрүүгө багытталган. | Окутуунун максаттары билим берүү уюмунун, методикалык бирикмелердин пландарында жана программаларында белгиленген. Максаттар МБСке ылайык келет, окуучунун компетенттүүлүгүн өнүктүрүүгө багытталган. Окутуунун максаттары окуучунун позициясынан сабактардын пландарында белгиленген жана МБСке ылайык келет. |
| 2.2. | Окутуу-тарбиялоо процессинде инновациялык технологияларды жана методдорду колдонуу | Маалыматтар/далилдер жок же айрым мугалимдер тарабынан гана колдонулат | Мугалимдер менен усулдук иш алып баруунун, мугалимдер тарабынан инновациялык технологияларды жана | Мугалимдер менен системдүү методикалык иш алып баруунун, мугалимдер тарабынан сабак учурунда окутуунун |

| № | Критерийлер | Ылайык келүү индикаторлору | | |
|---|---|---|---|---|
| | | **Ылайык келбейт** | **Жарым-жартылай ылайык келет** | **Ылайык келет** |
| | | | ыкмаларды колдонуу боюнча мониторингдин далилдери бар. Мугалимдердин 50%дан кем эмеси окутууда МКТ жана инновациялык ыкмаларды колдонуу көндүмдөрүнө ээ жана аларды практикада колдонот. | инновациялык технологияларын жана активдүү ыкмаларын колдонуу боюнча мониторингдин далилдери бар. Сабакка даярдануу жана өткөрүү, окуучулардын жетишкендиктерин текшерүү жана баалоо учурунда МКТ колдонуу үчүн шарттар түзүлгөн. Мугалимдердин 80%дан кем эмеси окутууда МКТ жана инновациялык ыкмаларды колдонуу көндүмдөрүнө ээ жана аларды практикада колдонот. |
| 2.3. | Окутууну баалоодо жана корректировкалоодо кайтарым байланыш механизминин болушу | Окуучулардан, кесиптештерден, ата-энелерден кайтарым байланыш алуу жана педагогдордун өзүн-өзү талдоо механизмдеринин болуусу жөнүндө далилдер жок. | ОЖда андан кийинки талдоо менен сабактарга өз ара катышуу жүзөгө ашырылат, педагогдордун өзүн-өзү баалоо формалары колдонулат. Кайтарым байланыш алуу үчүн ата-энелер чогулушу, ата-энелерди сурамжылоо ж.б. өткөрүлөт. Окуучулардан кайтарым байланыш алуу боюнча системалуу практика жок. | ОЖда окуучулардан жана ата-энелерден сурамжылоо, анкеттөө ж.б. түрүндө кайтарым байланыш алуунун процесси уюштурулган жана талданган. «Электрондук күндөлүк» системасы колдонулат. Педагогдордун ишинин ыкмаларын жана технологияларын корректировкалоо максатында окутуунун натыйжаларын жана сабактарды талдоо, ошондой эле өзүн-өзү талдоо иши туруктуу жүргүзүлөт. |
| 2.4 | Билим берүү стандартынын | Бекитилген эмес же | Бекитилген эмес, бирок | Окуучулардын |

| № | Критерийлер | Ылайык келүү индикаторлору | | |
|---|---|---|---|---|
| | | Ылайык келбейт | Жарым-жартылай ылайык келет | Ылайык келет |
| | талаптарына ылайык окуудагы жетишкендиктерди баалоонун объективдүү жана ачык-айкын системасынын болушу | окуучулардын жетишкендиктерин баалоо үчүн процедураларды жана куралдарды, ченемдерди жана баалоо критерийлерин колдонуунун далилдери жок | колдонулат/бекитилген, МБСке, Сапатты баалоо системасы жөнүндө жобого ж.б. ылайык окуучулардын жетишкендиктерин баалоо үчүн процедураларды жана куралдарды, ченемдерди жана баалоо критерийлерин колдонуунун далилдери жок | жетишкендиктерин (мисалы, жазуу иштерин, окуу көндүмдөрүн, долбоорлорду ж.б.) баалоо үчүн процедуралар жана куралдар, ченемдер жана баалоо критерийлери бекитилген жана колдонулат. Салттуу жазуу жана оозеки иштер менен катар долбоорлорду, практикалык жана изилдөөчүлүк иштерди баалоо, өз ара баалоо жана өзүн-өзү баалоо сыяктуу баалоонун ыкмалары колдонулат. Предметтер жана класстар боюнча жетишкендиктерди туруктуу мониторингдөө жана баалоо жүргүзүлөт, жыйынтыктарды жана натыйжаларды жакшыртуу боюнча көрүлгөн чаралардын талдоосу берилген. |
| 2.5. | Окуучуларга баалоонун колдонулуучу эрежелери, жол-жоболору жана жыйынтыктары, ошондой эле аларды кайра кароонун жол-жоболору жөнүндө маалымдоо системасынын болушу | Жок /көрсөтүлгөн эмес | Окуучуларды маалымдоо ыкмалары жана процедуралары көрсөтүлгөн | Туруктуу колдонулуучу окуучуларды маалымдоо ыкмалары жана процедуралары көрсөтүлгөн, алардын натыйжалуулугу негизделген. Аппеляция процедурасы белгиленген. |
| 2.6. | Коопсуз, өнүктүрүүчү жана психологиялык жактан ыңгайлуу билим | Жок /көрсөтүлгөн эмес | Билим берүү процессинде ден соолукту сактоочу ыкмаларды | ОЖда коопсуз, өнүктүрүүчү жана психологиялык жактан |

| № | Критерийлер | Ылайык келүү индикаторлору | | |
|---|---|---|---|---|
| | | Ылайык келбейт | Жарым-жартылай ылайык келет | Ылайык келет |
| | берүү чөйрөсүн камсыздоо, билим берүү процессинде ден соолукту сактоочу ыкмаларды колдонуу | | туруктуу колдонуунун далилдери бар.<br>Психологиялык, медициналык кызматтын, социалдык педагогдун ишинин талдоосу берилген. | ыңгайлуу билим берүү чөйрөсүн камсыздоонун колдонулган ыкмалары көрсөтүлдү, чөйрөнүн коопсуздугу бааланды, ОЖда өнүктүрүүчү жана коопсуз билим берүү чөйрөсүн өнүктүрүү боюнча көрүлгөн чаралардын натыйжалуулугу талданды, аккредитацияланыуучу мезгилдин ичинде чөйрөнүн жакшыруусу байкалууда. |
| 2.7. | Ички жана тышкы баалоонун, системалуу мониторинг жүргүзүүнүн жыйынтыгы боюнча окуучулардын натыйжаларынын динамикасы | Маалымат жок/терс динамика /динамика жок, аны менен бирге натыйжаларды жакшыртуу боюнча себептердин жана көрүлүүчү чаралардын талдоосу жок | Акыркы 5 жылдын ичинде жүргүзүлгөн мониторингдин маалыматтары бар, маалыматтардын жана жакшыртуу боюнча көрүлгөн чаралардын талдоосу берилген.<br>Натыйжалар кандайдыр бир оң динамиканы көрсөтүүдө же маанилүү өзгөрүүлөр жок.<br>Төмөнкү натыйжалар боюнча акыркы 5 жылдын ичиндеги динамиканын талдоосу берилди:<br>- ЖМА (9 жана 11-класстар)<br>- Мектеп ичиндеги мониторинг<br>- ЖРТ (катышуучулардын санын, негизги тесттин орточо баллын, тандалуучу предметтердин диапазонун | Акыркы 5 жылдын ичинде жүргүзүлгөн мониторингдин маалыматтары бар, маалыматтардын талдоосу берилди.<br>Натыйжалар оң динамиканы же туруктуу жогорку деңгээлди көрсөтүүдө<br><br>Төмөнкү натыйжалар боюнча акыркы 5 жылдын ичиндеги динамиканын талдоосу берилди:<br>- ЖМА (9 жана 11-класстар)<br>- Мектеп ичиндеги мониторинг<br>- ЖРТ (катышуучулардын санын, негизги тесттин орточо баллын, тандалуучу предметтердин диапазонун көрсөтүү менен)<br>- УТБ (ыктыярдуу тестирлөө) |

| № | Критерийлер | Ылайык келүү индикаторлору | | |
|---|---|---|---|---|
| | | **Ылайык келбейт** | **Жарым-жартылай ылайык келет** | **Ылайык келет** |
| | | | көрсөтүү менен)<br>- УТБ (ыктыярдуу тестирлөө) | |
| 2.8. | Кызыкдар тараптардын кайрылууларына жана арыздарына таасир этүүнүн иштелип чыккан жана ишке киргизилген жол-жоболорунун болушу | Жол-жоболор же маалымат жок | - | Жол-жоболор иштелип чыкты жана ишке киргизилди |
| **3. КАДРДЫК САЯСАТТЫН НАТЫЙЖАЛУУЛУГУ** | | | | |
| **Билим берүү уюмунун өз ишин компетенттүү персонал менен камсыздоо үчүн натыйжалуу кадрдык саясаты болушу керек (билим берүү уюмдары лицензиялык талаптарды сактоого милдеттүү)** | | | | |
| 3.1 | Педагогикалык персоналдын квалификациясынын жана билиминин билим берүү программасына шайкеш келүүсү | Педагогикалык курам толук комплекттенген эмес же квалификациянын жана/же педагогикалык билиминин профилине ылайык келбейт | - | Педагогикалык курам квалификацияларга жана билимдерге (анын ичинде адистигине шайкеш келүү) карата коюлуучу талаптарга ылайык толугу менен комплекттелген. |
| 3.2 | Физикалык жана психологиялык коопсуз чөйрөнү, ошондой эле билим берүү процессинин катышуучуларынын өз ара мамилелерин баалоону, анын жыйынтыгы боюнча чечимдерди кабыл алууну камсыздоочу механизмдин жана жол-жоболордун болушу | Процедуралар же маалымат жок | Физикалык жана психологиялык коопсуз чөйрөнү камсыздоочу механизмдер жана процедуралар бар | Физикалык жана психологиялык коопсуз чөйрөнү камсыздоочу механизмдер жана процедуралар белгиленди, ошондой эле билим берүү процессинин катышуучуларынын өз ара мамилелеринине жана анын натыйжалары боюнча чечимдерди кабыл алууга карата баалоо жүргүзүү боюнча далилдер бар. |
| 3.3 | Педагогикалык кадрларды үзгүлтүксүз кесиптик өнүктүрүү, алардын | Мугалимдердин 10%нан азы буга чейинки академиялык | Педагогдорду кесиптик өнүктүрүүнүн салттуу | Педагогдордун үзгүлтүксүз кесиптик өнүгүү системасы |

| № | Критерийлер | Ылайык келүү индикаторлору | | |
|---|---|---|---|---|
| | | Ылайык келбейт | Жарым-жартылай ылайык келет | Ылайык келет |
| | квалификациясын жогорулатуу жана мотивациялоо системасынын болушу | жыл үчүн же 50%дан азы беш жылдын ичинде өз квалификациясын ОЖдан тышкары жогорулаткан.<br>Мектеп деңгээлинде кесиптик өнүгүүнүн пландары (стратегиялык пландын бөлүгү катары) жана индивидуалдуу пландоо практикасы жок | системасы колдонулат:<br>- Жыл сайын 15%дан кем эмес педагог (беш жылдын ичинде 75%) өз квалификациясын курстарда, семинарларда, тренингдерде, анын ичинде дистанттык түрдө, ОЖдан тышкары жогорулатат;<br>- методикалык бирикмелер натыйжалуу иштейт;<br>- насаатчылык системасы бекитилген жана колдонулат;<br>- насаатчылар, МБнын жетекчилери жана активдүү педагогдор стимулдук фонддун же ЭКК эсебинен сый акы алышат<br>Бирок, кесиптик өнүгүүдө керектөөлөрдү баалоо системасы, ҮКӨ боюнча пландар жана мугалимдердин кесиптик өнүгүүсүнүн индивидуалдык пландары жок. | бекитилген жана колдонулат:<br>- окутуудагы керектөөлөрдү баалоо жыл сайын жүргүзүлөт;<br>- мектеп үчүн кесиптик өнүгүү боюнча пландар талдоонун негизинде түзүлөт (ОЖнын стратегиялык жана жылдык планынын бир бөлүгү катары);<br>- Педагогдор кесиптик өнүгүүсүнүн өздүк индивидуалдуу пландарын иштеп чыгышат.<br>- Жыл сайын 20%дан кем эмес педагог (беш жылдын ичинде 100%) өз квалификациясын курстарда/семинарларда/тренингдерде (анын ичинде дистанттык түрдө) ОЖдан тышкары жогорулатат;<br>- методикалык бирикмелер натыйжалуу иштейт;<br>- насаатчылык системасы бекитилген жана колдонулат;<br>- насаатчылар, МБнын жетекчилери жана активдүү педагогдор стимулдук фонддун же ЭКК эсебинен сый акы алышат |
| **4. МАТЕРИАЛДЫК-ТЕХНИКАЛЫК БАЗА** | | | | |
| **Билим берүү уюмунун жетиштүү, жеткиликтүү, коопсуз жана билим берүүнүн максаттарына ылайык келүүчү материалдык-техникалык** | | | | |

| № | Критерийлер | Ылайык келүү индикаторлору | | |
|---|---|---|---|---|
| | | **Ылайык келбейт** | **Жарым-жартылай ылайык келет** | **Ылайык келет** |
| | **базасы болушу керек (билим берүү уюмдары лицензиялык талаптарды сактоого милдеттүү)** | | | |
| 4.1 | Билим берүү процессинин катышуучуларына, анын ичинде ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген адамдарга жеткиликтүү болгон окуу имараттарынын жана материалдык ресурстардын (жабдылган окуу класстары, лабораториялар, компьютердик класстар, спорт зал) болушу | Окуу жайдын имараты авариялык кооптуу абалда/Материалдык ресурстар жетиштүү эмес/маалымат жок | Окуу имараттары жана бөлмөлөр канаттандыраарлык абалда. Материалдык ресурстар жетишпейт, бирок акыркы жылдарда оң динамика байкалууда. Предметтик стандарттардын талаптарына ылайык жабдылган класстардын саны 30%дан жогору | Окуу имараттар жана бөлмөлөр канаттандыраарлык абалда, камсыздоо, сандык, сапаттык жана жеткиликтүүлүк көрсөткүчтөрү жакшырууда. Предметтик стандарттардын талаптарына ылайык жабдылган класстардын саны 50%дан жогору |
| 4.2. | Билим берүү чөйрөсүнүн коопсуздугунун талаптарын сактоо (экологиялык, санитардык-эпидемиологиялык жана гигиеналык эрежелер жана ченемдер, өрткө каршы коопсуздук, эмгекти коргоо жана коопсуздук техникасынын эрежелери) | Ылайык келбейт/маалымат жок | - | Коопсуздук талаптарына толугу менен ылайык келет |
| 4.3. | Материалдык-техникалык базаны жана маалыматтык ресурстарды жакшыртуу боюнча ишти топтоо, баалоо, талдоо жана пландоо механизминин болушу | Ылайык келбейт/маалымат жок | МТБ жана маалымат ресурстарын жакшыртуу боюнча талдоо, пландар бар | МТБ жана маалымат ресурстарын жакшыртуу боюнча талдоо, пландар бар. Өзгөрүүлөрдү көрсөтүүчү маалыматтар берилди |

ЫЙГАРЫМ УКУКТУУ МАМЛЕКЕТТИК ОРГАН

логотип

# СЕРТИФИКАТ

**№ ___________________**

БУЛ СЕРТИФИКАТ

_______________________________________________

(билим берүү мекемесинин аталышы)

тиркемеде көрсөтүлгөн **программа (программалар) боюнча аккредитациядан** өткөндүгүн тастыктайт

**Уюмдун статусу: ________________**

**Юридикалык дареги:** ___________________________________

**Жайгашкан жери:** ___________________________________

**Сертификаттын мөөнөтү:** _______________________ чейин

**Негизи:** ___________________________________________

Сертификат тиркемесиз жараксыз

**Ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын ыйгарым укуктуу жетекчиси**

_____________________

М.О.

Аныктыгын текшерүү:

Каттоо номери ___________

Берилген жылы: _______

Штрихкод

_____________________

(берилген жери)

УПОЛНОМОЧЕННЫЙ ГОСУДАРСТВЕННЫЙ ОРГАН

логотип

# СЕРТИФИКАТ

**№ ___________________**

НАСТОЯЩИЙ СЕРТИФИКАТ ПОДТВЕРЖДАЕТ, ЧТО

_______________________________________________

(наименование образовательной организации)

прошел (прошла, прошло) **аккредитацию по программе (программам)**, указанным в приложении

**Статус организации: ________________**

**Юридический адрес:** ___________________________________

**Местонахождение:** ___________________________________

**Срок действия сертификата:** до _______________________

**Основание:** ___________________________________________

Сертификат без приложения недействителен

**Уполномоченный руководитель уполномоченного государственного органа**

_____________________

М.П.

Проверка подлинности:

Регистрационный номер ___________

Год выдачи: _______

Штрихкод

_____________________

(место выдачи)

логотип

**ЫЙГАРЫМ УКУКТУУ МАМЛЕКЕТТИК ОРГАН**

№ _______________ СЕРТИФИКАТЫНА № _____ ТИРКЕМЕ

_______________________________________________
(билим берүү мекемесинин аталышы)

| № | Программанын аталышы |
|---|---|
| 1 | |

Негизи: _______________________________________________

Ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын
ыйгарым укуктуу жетекчиси

М.О. _________________

Тиркеме сертификатсыз жараксыз

АНЫКТЫГЫН ТЕКШЕРҮҮ:

Каттоо номери _______

Штрихкод

логотип

**УПОЛНОМОЧЕННЫЙ ГОСУДАРСТВЕННЫЙ ОРГАН**

ПРИЛОЖЕНИЕ № _____ К СЕРТИФИКАТУ № _______________

_______________________________________________
(наименование образовательной организации)

| № | Название программы |
|---|---|
| 1 | |

Основание: _______________________________________________

Уполномоченный руководитель
уполномоченного государственного органа

М.П. _________________

Приложение без сертификата недействительно

ПРОВЕРКА ПОДЛИННОСТИ:

Регистрационный номер _______

Штрихкод

**12-тиркеме**

**Негизги жана орто жалпы билим берүү программалары боюнча программалык аккредитациядан өткөн билим берүү уюмдарынын реестри**

| № | Билим берүү уюмунун толук аталышы | Билим берүү уюмунун жайгашкан жери | Юридикалык жактын мамлекеттик каттоо жөнүндө күбөлүгү | Салык төлөөчүнүн идентификациялык номери (билим берүү уюмунун СИНи) | Аккредитациялоо жөнүндө чечимди кабыл алуу датасы жана буйруктун номери | Программанын шифри | Программанын аталышы | Аккредитациялоо жөнүндө сертификаттын реквизиттери (сертификаттын №, каттоо номери, берилген жыл) | Аккредитациялоо жөнүндө сертификаттын колдонуу мөөнөтүнүн аякташы | Аккредитациялоо жөнүндө сертификатты кайра тариздөөнүн негизи жана датасы | Аккредитациялоо жөнүндө сертификатты колдонуу мөөнөтүнүн аягына чыгышы жана негизи | Эскертүү |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | | | | | | | | | | | | |
| 2 | | | | | | | | | | | | |

**13-тиркеме**

## ӨЗҮН-ӨЗҮ БААЛОО ЖҮРГҮЗҮҮ БОЮНЧА КОМИССИЯНЫН ИШТӨӨ ТАРТИБИ

Ушул Тартип институционалдык жана/же программалык аккредитациялоо учурунда аккредитацияланууучу билим берүү уюмунун (мындан ары – билим берүү уюму) ишмердүүлүгүнө жана билим берүү программасына карата өзүн-өзү баалоо жүргүзүү боюнча комиссиянын иштөө тартибин белгилейт.

Өзүн-өзү баалоо – бул БУ/БПнын ишмердүүлүгүн комплекстүү баалоо, ал ишмердүүлүктүн минималдуу талаптарга жана мамлекеттик билим берүү стандартынын (мындар ары – МБС) талаптарына ылайык келүүсүн объективдүү, ар тараптуу изилдөөнү эске алат. Талдоо жана баалоо ОЖнын акыркы 5 жылдын ичиндеги ишмердүүлүгүнүн натыйжаларына жүргүзүлөт. Комплекстүү баалоо БУ/БПнын жыл сайын жүргүзүлүүчү өзүн-өзү баалоонун натыйжаларына негизделиши керек.

Өзүн-өзү баалоонун максаты:

– Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан белгиленген, аккредитацияланууучу БУ/БПларга коюлуучу минималдуу талаптарга (мындан ары – минималдуу талаптар) өзүнүн ишмердүүлүгүнүн ылайык келүүсүн, ошондой эле көрсөтүлүүчү билим берүү кызматтарынын МБСтин талаптарына ылайык келүүсүн аныктоо;

– аныкталган кемчиликтерди жоюу жана ОЖ/БПнын ишмердүүлүгүнүн сапатын жакшыртуу боюнча иш-чараларды ишке ашыруу боюнча сунуштарды иштеп чыгуу.

БУнун Педагогикалык кеңеши жетекчинин көрсөтмөсү боюнча программалык жана/же институционалдык аккредитациядан өтүү жөнүндө чечим кабыл алат жана өзүн-өзү баалоо жүргүзүү үчүн кызыкдар тараптардын өкүлдөрүн тартуу менен комиссиянын (мындан ары – Комиссия) курамын карап чыгат.

Комиссиянын курамы жана өзүн-өзү баалоо жүргүзүү мөөнөтү ОЖнын педагогикалык кеңешинин чечиминин негизинде ОЖнын жетекчисинин буйругу менен бекитилет.

Комиссиянын курамына төмөнкүлөр кирет:

– БУнун жетекчиси – Комиссиянын төрагасы;

– БУнун жетекчисинин орун басары;

– БУнун түзүмдүк бөлүмдөрүнүн жетекчилери;

– БУнун методикалык бирикмелеринин жетекчилери;

– Көзөмөлчүлүк кеңештин, билим алуучулардын, бүтүрүүчүлөрдүн, ата-энелердин, иш берүүчүлөрдүн жана башка кызыкдар тараптардын өкүлдөрү.

Комиссиянын сапаттык курамы аккредитациянын түрүнөн көз каранды:

– Институционалдык аккредитациялоодо комиссиянын курамына БУну башкаруу тажрыйбасына ээ адамдарды киргизүү сунушталат;

– Программалык аккредитациялоодо комиссиянын курамында аккредитацияланууучу билим берүү программасына жооптуу адамдар болушу керек.

Бир убакта өтүүчү институционалдык жана программалык аккредитациялоо учурунда Комиссиянын курамына БУну башкаруу тажрыйбасына ээ жана аккредитацияланууучу БПга жооптуу адамдарды киргизүү сунушталат.

Өзүн-өзү баалоо жүргүзүү жөнүндө буйрукта төмөнкүлөр көрсөтүлөт:

– ар бир мүчөнүн аты-жөнү жана ээлеген кызматы (Комиссиянын төрагасын аныктоо менен);

– өзүн-өзү баалоо жүргүзүүнү баштоо жана аяктоо датасы (өзүн-өзү баалоо жүргүзүү мөөнөтү 3 айдан кем болбошу керек);

– педагогикалык кеңештин кароосуна сунушталуучу өзүн-өзү баалоо боюнча отчетту берүү датасы.

Өзүн-өзү баалоого даярдануу учурунда Комиссиянын төрагасы анын мүчөлөрү менен уюштуруучулук-даярдануу чогулушун өткөрөт, анда:

– өзүн-өзү баалоо жүргүзүү планы, иш алып баруунун аныкталган багыттары үчүн комиссиянын мүчөлөрүнүн ролу жана жоопкерчилиги каралат жана бекитилет;

– МБСтин жана минималдуу талаптардын негизинде талдоо жана баалоо жүргүзүлүүчү маселелер жана документтер такталат;

– өзүн-өзү баалоонун натыйжаларын жалпылоочу жана аналитикалык отчетту даярдоочу жооптуу адам дайындалат;

– өзүн-өзү баалоонун жыйынтыктарын алдын ала жана аяккы кароо боюнча мөөнөттөр аныкталат.

Комиссия тарабынан минималдуу талаптарга ылайык БУ/БПнын ишмердүүлүгү жөнүндө топтолгон маалыматка жана материалдарга талдоо жана баалоо жүргүзүлөт. Талдоонун жыйынтыгы боюнча ар бир минималдуу талап боюнча күчтүү жана алсыз жактар аныкталат, ишмердүүлүктүн аныкталган аспектилерин жакшыртуу боюнча тыянактар жана сунуштар иштелип чыгат.

Институционалдык аккредитациялоодо кадрдык жана материалдык-техникалык камсыздоо боюнча минималдуу талаптар окуу жайдын жалпы көрсөткүчү лицензиялык талаптарга шайкеш келүүсүн тастыктоо менен бааланат.

Программалык аккредитациялоодо кадрдык жана материалдык-техникалык камсыздоо боюнча минималдуу талаптар ар бир программа боюнча мамлекеттик билим берүү стандартынын талаптарына шайкеш келүүсүн тастыктоо менен бааланат.

БУ/БПнын ишмердүүлүгүнүн натыйжаларынын сапаты жөнүндө ырастоолор негизделген жана документтер менен тастыкталган болушу керек.

Натыйжаларды жалпылоо үчүн жооптуу адам алынган материалды белгиленген формада өзүн-өзү баалоо боюнча аналитикалык отчет (мындан ары – Отчёт) түрүндө тариздейт.

Бир убакта өтүүчү институционалдык жана программалык аккредитациялоо учурунда Отчеттун эки түрү өзүнчө таризделет.

Комиссиянын төрагасы Комиссиянын отурумун өткөрөт, отурумдун жүрүшүндө Отчет алдын ала каралат, айрым маселелер такталат, кошумча маалыматты чогултуу зарылдыгы жөнүндө ой-пикирлер айтылат, тыянактар жана өзүн-өзү баалоонун жыйынтыгы боюнча сунуштар талкууланат.

Отчет боюнча Комиссиянын мүчөлөрүнөн келип түшкөн эскертүүлөрдү жана сунуштарды эске алып, Комиссиянын төрагасы аны корректировкалоо жана акыркы кароо үчүн мөөнөттү белгилейт.

Өзүн-өзү баалоонун натыйжаларын толугу менен карап чыккандан кийин жеткире иштелип чыккан Отчет педагогикалык кеңештин кароосуна жиберилет, анда БУнун жетекчиси тарабынан Отчетту бекитүү жана документтерди ыйгарым укуктуу органга аккредитациядан өтүү үчүн жиберүү чечими кабыл алынат.

Аккредитациядан өтүү үчүн арыз ыйгарым укуктуу органга акыркы аккредитациянын мөөнөтү актаганга чейин 3 айдан кем эмес убакыт калганда берилет.

Өзүн-өзү баалоо боюнча отчет белгиленген формага ылайык таризделет жана төмөнкү бөлүмдөрдөн турат:

- ✓ титулдук барак;
- ✓ киришүү;
- ✓ талдоо жана минималдуу талаптардын аткарылышынын далили;
- ✓ корутунду.

Талдоо жана минималдуу талаптардын аткарылышынын далили бөлүмүндө күчтүү жана алсыз жактарды аныктоо менен БУ/БПнын ишмердүүлүгүнүн натыйжалары, тыянактар жана баалоонун төмөнкү критерийлерин эске алуу менен жакшыртуу боюнча сунуштар көрсөтүлөт:

- ишмердүүлүктү жөнгө салган, процесстерди, БУ/БПнын ишмердүүлүгүнүн натыйжаларын жана ресурстарды чагылдырган документтер;
- ишке ашыруу /аларды практикага киргизүү механизмдери;
- иш алып баруунун натыйжаларын баалоо;
- жакшыртуу боюнча пландар.

Корутунду Комиссиянын БУ/БПнын минималдуу талаптарга ылайык келүүсү жөнүндө аякки тыянактарын жана ыйгарым укуктуу органда аккредитациядан өтүү жөнүндө сунуштарды камтыйт.

Отчеттун текстинин шрифти 12 Times New Roman, бөлүмдөрдүн аталышынын шрифти – 14 Times New Roman болушу керек, аларды кара шрифт менен бөлүп көрсөтүү сунушталат. Тексттеги саптардын ортосундагы аралык (интервал) – 1.0, отчеттун бардык барактары номерленген болушу керек.

Барактын талаалары: сол жагынан – 2,5 см., оң жагынан – 1,5 см., жогору жана төмөн жагынан – 2 см. Отчеттун текстиндеги таблицалар жана графиктер аталышка жана нумерацияга ээ болушу керек.

**14-тиркеме**

## Эксперттерге карата квалификациялык талаптар жана аларды сертификациялоо тартиби

### 1. Эксперттерге коюлуучу квалификациялык талаптар

Эксперттер үчүн билим берүү уюмдарынын, ошондой эле негизги жана орто жалпы билим берүү программаларынын (мындан ары - БУ/БП) институционалдык жана программалык аккредитациясын тышкы баалоо жүргүзүү учурунда төмөнкү квалификациялык талаптар коюлат:

1. Жогорку билимдин, билим берүү чөйрөсүндө иш алып баруунун 3 жылдан кем эмес стажынын болуусу.

2. Мамлекеттик жана расмий тилдерин билүү.

3. Төмөнкүлөрдү билүү керек:

- Кыргыз Республикасынын Конституциясын;
- Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексин;
- Кыргыз Республикасынын “Билим берүү жөнүндө”, “Кыргыз Республикасындагы лицензиялык-уруксат берүү тутуму жөнүндө”, “Мугалимдин статусу жөнүндө” ж.б. мыйзамдарын;
- Кыргыз Республикасында жалпы мектептик билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандартын жана предметтик стандарттарды;
- БУ/БПны институционалдык жана программалык аккредитациялоо боюнча ченемдик укуктук актыларды;
- жалпы мектептик билим берүү жаатындагы ченемдик укуктук актыларды.

4. Жөндөмдөр:

- аккредитациялык экспертиза жүргүзүү процессинде комиссиянын курамына кирген башка эксперттер менен мамиле түзүү (командада иштей билүү);
- билим берүү ишмердүүлүгүн жөнгө салуучу ченемдик укуктук актылар менен иштөө;
- баалоо жана усулдук материалдардын Мамлекеттик билим берүү стандартына ылайык келүүсүн экспертизалоо;
- билим берүү программасынын мазмунунун Мамлекеттик билим берүү стандартына ылайык келүүсүн (ылайык келбестигин) аныктоо;
- аккредитацияны өткөрүү үчүн алынган маалыматты жана документтерди талдоо;
- аккредитациялык экспертиза боюнча тыянактарды туура түзүү жана негиздөө;
- аккредитацияны өткөрүү үчүн керектүү маалыматты издөө, топтоо, талдоо жана системдештирүү;
- компьютер жана башка уюштуруучулук техника менен иштөө, заманбап маалыматтык-телекоммуникациялык технологияларды пайдалануу;
- этикалык эрежелерди сактоо;

– эксперттик комиссиянын корутундусун түзүү.

**2. Эксперттерди сертификациялоо тартиби**

Сертификациялоо ыйгарым укуктуу орган тарабынан арыз ээсинин (жеке жактын) эксперттерге карата коюлуучу квалификациялык талаптарга ылайык келүүсүн тастыктоо максатында ишке ашырылат.

Билим берүү жаатында аккредитациялоо боюнча эксперттин сертификаты 5 жылдык мөөнөткө берилет.

Ыйгарым укуктуу орган эксперттерди сертификациялоо боюнча комиссия түзөт.

Сертификациядан өтүү үчүн жеке жак ыйгарым укуктуу органга эксперттерге коюлуучу квалификациялык талаптарга анын ылайык келүүсүн тастыктоо жөнүндө арызы менен кайрылат.

Арызга төмөнкү документтер тиркелет:

- инсандыгын тастыктоочу документтин көчүрмөсү;
- билими жана квалификациясы жөнүндө документтин көчүрмөсү;
- резюме.

Талапкерлердин документтери эксперттерди сертификациялоо боюнча комиссия тарабынан электрондук форматта кабыл алынат.

Талапкердин резюмесинде талапкер жөнүндө төмөнкү маалымат көрсөтүлөт:

а) аты-жөнү;

б) инсандыгын күбөлөндүрүүчү документтердин реквизиттери;

в) байланыш маалыматы (жашаган жери, телефон жана WhatsApp номери жана электрондук почтанын дареги);

г) билими, кайсы окуу жайды аяктады (адистиги/даярдоонун багыты, квалификациясы);

д) иштеген жери (толук аталышы жана жайгашкан жери), ээлеген кызматы;

е) билим берүү чөйрөсүндө иш алып баруу стажы (тажрыйбасы);

ж) салык төлөөчүнүн идентификациялык номери.

Документтердин топтому толук болгон учурда комиссия талапкерге квалификациялык талаптарга ылайык келүүнү баалоодон өтүүгө уруксат берет.

Эксперттерди сертификациялоо 2 этап менен жүргүзүлөт:

- документтер боюнча тандап алуу;
- аккредитация маселелери боюнча окутуу.

Биринчи этапта комиссия талапкердин документтерин карап чыгат жана ага экинчи этаптан өтүүгө уруксат берет, экинчи этапта ОЖ/БПнын аккредитациясын өткөрүү боюнча окутуу жүргүзүлөт.

Окутуудан кийин (окутуучу курстун материалдарын толук өздөштүргөндөн кийин) комиссия төмөнкү чечимдердин бирөөсүн кабыл алат:

а) аккредитациялоо боюнча эксперттин сертификатын берүү жөнүндө;

б) эксперттин сертификатын берүүдөн баш тартуу жөнүндө.

Сертификациялоо боюнча комиссиянын чечимине ылайык комиссиянын чечими кабыл алынган күндөн баштап 30 жумушчу күндөн кечиктирилбестен ыйгарым укуктуу орган аккредитациялоо боюнча эксперттин сертификатын берүү жана сертификацияланган эксперттердин реестрине маалыматтарды киргүзүү жөнүндө буйрук чыгарат.

Ыйгарым укуктуу орган аккредитациялоо боюнча сертификацияланган эксперттердин электрондук реестрин жүргүзөт. Реестрди жүргүзүү үчүн жоопттуу адам дайындалат.

Реестрде төмөнкүлөр көрсөтүлөт:

а) эксперттин аты-жөнү, иштеген жери, ээлеген кызматы, адистиги/даярдоонун багыты, байланыш маалыматы;

б) эксперттин сертификатын берүү жөнүндө буйруктун датасы жана номери;

в) эксперттин сертификатынын жарамдуулук мөөнөтү;

г) эксперттин сертификатынын жарамдуулук мөөнөтүнүн аякташы жөнүндө маалымат.

Комиссия эксперттин сертификатынын жарамдуулук мөөнөтүнүн аякташы жөнүндө чечимди төмөнкү учурларда кабыл алат:

а) комиссиянын ишинде эксперттин милдетин жүйөлүү себепсиз аткарбаса;

б) аккредитация өткөрүү учурунда эксперт тарабынан БУнун кызыкчылыктарын жана укуктарын бузуулар болсо, алар ыйгарым укуктуу органга келип түшкөн маалыматты текшерүү учурунда аныкталса;

в) эксперт ыйгарым укуктуу органга тапшырган документтерде тастыкталбаган маалыматты көрсөтсө;

г) эксперт эксперттин милдетин аткаруудан баш тартуу жөнүндө арыз жазса.

Ыйгарым укуктуу органдын эксперттин сертификатынын жарамдуулук мөөнөтүнүн аякташы жөнүндө чечими сертификациялоо боюнча комиссиянын тийиштүү чечимин кабыл алуу күнүнөн баштап 5 жумушчу күндүн ичинде кабыл алынат.

## 3. Эксперттик комиссиянын курамы жана иштөө тартиби, тышкы баалоо жүргүзүүгө эксперттерди тартуу тартиби

Ыйгарым укуктуу орган экспертке билим берүү уюмдарынын, ошондой эле негизги жана орто жалпы билим берүү программаларын (мындан ары – БУ/БП) институционалдык жана программалык аккредитациялоону өткөрүү учурунда тышкы баалоо жүргүзүү үчүн эксперттик комиссиянын курамына киргизүү үчүн тандалганын, ошондой эле ОЖнын жайгашкан жерин жана экспертиза жүргүзүүнүн так даталарын оозеки билдирет.

Эксперт аккредитацияланууучу БУ менен акыркы 3 жылдын ичинде кандайдыр бир эмгек мамилесинде болбогонун оозеки тастыктайт.

Тышкы баалоо жүргүзүү үчүн эксперттерди тартуу эксперттик комиссия түзүү жөнүндө буйруктун негизинде жүргүзүлөт.

Билим берүү уюмдарынын жана программалардын ишмердүүлүгүн тышкы баалоо жүргүзүү үчүн эксперттик комиссиянын курамы (мындан ары – Комиссия) ыйгарым укуктуу органдын буйругу менен бекитилет.

Комиссиянын курамына ыйгарым укуктуу орган тарабынан сертификацияланган аккредитациялоо боюнча эксперттер киргизилет. Аккредитациялоо үчүн сертификацияланган эксперттер жок болгон учурда комиссиянын курамына жогорку квалификациялуу адистер киргизилиши мүмкүн.

Тышкы баалоо жүргүзүү жөнүндө буйрукта төмөнкүлөр көрсөтүлөт:

- билим берүү уюмунун аталышы;
- аккредитациянын түрү (институционалдык жана/же программалык);
- эксперттердин аты-жөнү жана ээлеген кызматы;
- тышкы баалоо жүргүзүү башталган жана аяктаган күнү (тышкы баалоонун мөөнөтү 14 жумуш күндөн ашпоого тийиш);
- ыйгарым укуктуу органга тышкы баалоонун корутундусун берүү датасы;
- аккредитацияланууучу БУга комиссиянын баруусу жөнүндө маалымат;
- БУга баруу учурунда каржылоонун булагы;
- эксперттердин жоопкерчилиги.

Комиссиянын төрагасы отурумдарды өткөрөт, анда уюштуруучулук жана техникалык маселелер каралат, БУ/БПнын ишмердүүлүгүн баалоо жана корутундуну даярдоо боюнча Комиссиянын мүчөлөрүнүн милдеттерин бөлүштүрүү боюнча чечимдер кабыл алынат.

Комиссия БУ тарабынан берилген өзүн-өзү баалоо боюнча отчеттун, ОЖнын сайтында жана ББМСте жайгашкан материалдардын негизинде аккредитацияланууучу БУ\БПнын ишмердүүлүгүн тышкы баалоону аккредитацияланууучу ОЖга бааруу менен жүргүзөт.

БУнун материалдарын өздөштүрүүгө жараша эксперттер ишмердүүлүктүн айрым аспектилери боюнча кылдат баалоону жана фактылардын аныктыгын ырастоону талап кылуучу маселелердин жана кошумча документтердин тизмесин түзөт. Мындай маселелердин жана документтердин тизмеси Комиссиянын отурумдарында алдын ала талкууланат, андан кийин аккредитацияланууучу БУдан алынат.

Алгачкы аккредитациялоо учурунда комиссия аккредитацияланууучу ОЖга барбастан иш алып барат.

Комиссия аккредитацияланууучу БУга төмөнкү учурларда барат:

- жеке БУларды жана алардын БПларын тышкы баалоодо;

- бардык БУ/БПларды шарттуу аккредитациялоодон кийин кайрадан тышкы баалоодо.

Эгерде аккредитациялоо учурунда эксперт жүйөлүү себептен улам БУ/БПны тышкы баалоо жүргүзө албаса, анда 1 жумушчу күндүн ичинде ыйгарым укуктуу органга бул тууралуу билдирүүгө тийиш.

Эксперт кандай болбосун кызыкчылыктардын кагылышы жөнүндө билдирүүгө милдеттүү, ийкемдүү жана кичипейил болуп, анын жумушчу гипотезалары далилденгенине же далилденбегенине карабастан, ар бир келтирилген далилге көңүл буруп, ачык болушу керек.

БУга баруу учурунда алынган бардык маалымат жашыруун болуп саналат жана ал ыйгарым укуктуу органдын өкүлүнө (аккредитациялоого жооптуу адиске) жана аккредитацияланууучу БУга гана берилет.

Эксперт жеке убадаларды бере албайт.

**4. Тышкы баалоонун натыйжалары боюнча корутунду даярдоо**

Жүргүзүлгөн тышкы баалоонун жыйынтыктары боюнча Комиссия 5 жумушчу күндүн ичинде ыйгарым укуктуу органга белгиленген формага ылайык БУ/БПны аккредитациялоо, шарттуу аккредитациялоо же аккредитациялоодон баш тартуу жөнүндө сунуштарды камтыган корутундуну тапшырат.

Эксперттик комиссиянын мүчөлөрү тышкы баалоонун натыйжаларын корутундуну жазганга чейин талкуулоого тийиш.

Корутундуда Комиссия минималдуу талаптардын жана МБСтин, кызыкдар тараптардын талаптарын, окуучулардын билим деңгээлин баалоонун натыйжаларынын аткарылышын көрсөтүү менен БУ/БПнын ишмердүүлүгүнө төмөнкүлөрдүн негизинде баа берет:

- БП/БУнун ишмердүүлүгүнүн натыйжаларын жөнгө салуучу, ишмердүүлүгүнүн процесстерин, натыйжаларын жана ресурстарды чагылдырууучу документтердин;
- ишке ашыруу жана аларды практикага киргизүү механизмдеринин;
- иш алып баруунун натыйжаларын баалоонун;
- жакшыртуу боюнча пландардын.

Алардын негизинде Комиссия БП/БУнун ишмердүүлүгүн жакшыртуу боюнча тыянактарды жана сунуштарды берет.

Комиссия тарабынан минималдуу талаптардын аткарылышын баалоо институционалдык аккредитациялоо боюнча баалоо критерийлеринин жана программалык аккредитациялоо боюнча баалоо критерийлеринин негизинде жүргүзүлөт.

Эгерде ар бир минималдуу талапта критерийлердин 2/3 бөлүгү "ылайык келет жана/же жарым-жартылай ылайык келет" деп бааланса, анда төмөнкү таблицаларга ылайык ал минималдуу талап аткарылган болуп эсептелет.

***Институционалдык аккредитациялоо үчүн***

***минималдуу талаптардын аткарылышы***

| № | Минималдуу талап | Критерийлердин жалпы саны | Ылайык келет же жарым-жартылай ылайык келет | Ылайык келбейт |
|---|---|---|---|---|
| 1 | билим берүүнүн сапатын камсыздоо саясатына карата | 7 | 5 | 2 |
| 2 | кадрдык саясаттын натыйжалуулугуна карата | 4 | 3 | 1 |
| 3 | материалдык-техникалык базага карата | 3 | 2 | 1 |
| 4 | финансы ресурстарын башкарууга карата | 3 | 2 | 1 |

***Программалык аккредитациялоо үчүн минималдуу талаптардын аткарылышы***

| . № | Минималдуу талап | Критерийлердин жалпы саны | Ылайык келет же жарым-жартылай ылайык келет | Ылайык келбейт |
|---|---|---|---|---|
| 1 | билим берүү программасынын мазмунуна жана окуу-методикалык камсыздоосуна карата | 4 | 3 | 1 |
| 2 | компетенттүү окутууну ишке ашырууга жана окуучулардын жетишкендиктерин баалоого карата | 8 | 6 | 2 |
| 3 | кадрдык саясаттын натыйжалуулугуна карата | 3 | 2 | 1 |
| 4 | материалдык-техникалык базага карата | 3 | 2 | 1 |

Комиссия өз корутундусунда ыйгарым укуктуу органга негизин көрсөтүү менен төмөнкү чечимдердин бирин сунуштайт:

– билим берүү уюмун (программаны) 5 жылдык мөөнөткө аккредитациялоо жөнүндө – минималдуу талаптарга ылайык келген шартта;

– эскертүү менен аккредитациялоо жөнүндө (шарттуу аккредитациялоо) – 1 минималдуу талапка ылайык келбесе 3 жылдык мөөнөткө жана 2 минималдуу талапка ылайык келбесе, аныкталган ылайык келбестиктерди жоюуну талап кылуу менен 1 жылдык мөөнөткө. Ылайык келбестиктерди жоюу факты тастыкталган учурда аккредитациянын мөөнөтү 5 жылга чейин узартылат (шарттуу аккредитациялоонун мөөнөтүн кошкондо), бул учурда шарттуу аккредитациялоо жөнүндө чечим эки жолудан ашык кабыл алынбайт. Ыйгарым укуктуу орган тарабынан кемчиликтерди жоюу боюнча билим берүү уюму берген маалыматтарды текшерүүнүн жыйынтыгында эскертүүлөрдү жоюу фактысын тастыктоо иши жүргүзүлөт;

– минималдуу талаптарга 2ден ашуун ылайык келбестик болгон учурда билим берүү уюмун жана/же программаны аккредитациялоодон баш тартуу жөнүндө.

## 5. Аккредитациялоо боюнча эксперттин Этикалык кодекси

Эксперт жалпы адамзатына таандык моралдык эрежелерди жана адеп-ахлак ченемдерин сактоого, чынчыл болууга, калыс болууга, сатылбоого милдеттүү.

Эксперт:

- кандай болбосун кызыкчылыктардын кагылышы жөнүндө билдирүүгө тийиш;
- кызматтарды көрсөтүүгө багытталган, ийкемдүү жана кичипейил болууга тийиш;
- жумушчу гипотезалары далилденгенине же далилденбегенине карабастан, ар бир келтирилген далилге көңүл буруп, ачык болушу керек;
- белектерди албашы керек же БУнун меймандостугун ашыкча колдонбоосу зарыл.

Тышкы баалоо жүргүзүү үчүн БУга баруу учурунда алынган бардык маалымат жашыруун болуп саналат жана ал ыйгарым укуктуу органдын өкүлүнө жана аккредитацияланууччу БУга гана берилет.

Талап кылынууччу маалыматтын жетишерлик көлөмү гана эксперттердин тыянактары, сунуштары жана корутундулары үчүн негиз боло алат. Эксперттер фактыларды жаңылышып же текшербей туруп бербеши керек.

Эксперт кызматтык милдеттерин чын дили менен аткарууга, натыйжалуу жана так иш алып баруу үчүн бардык аракеттерди көрүүгө тийиш.

Эксперт кызматтык милдеттерге каршы келген жеке убадаларды бере албайт.

Эксперт аккредитациялоо учурунда алынган жашыруун жана кызматтык маалыматтын купуялуулугун сактоого милдеттүү.

Эксперт өзүнүн кесиптик компетенттүүлүгүн тийиштүү деңгээлде сактоого, семинарлардын, конференциялардын, симпозиумдардын, атайын курстардын ишинде катышууга милдеттүү.

Жогоруда көрсөтүлгөн эрежелерди сактабоо экспертти ыйгарым укуктуу органдын эксперттер Реестринен чыгарууга алып келет.

**15-тиркеме**

**Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги**

____________________________
(БУ аталышы)

**Билим берүү уюмунун аккредитациядан өтүүсү жөнүндө сертификатты кайра тариздөө жөнүндө**
**АРЫЗ**

_______________________________________________________________________
_______________________________________________________________________
(юридикалык жактын толук аталышы көрсөтүлөт)

аккредитациядан өтүү жөнүндө 20__-жылдын «__» _____________ №____________ сертификатын кайра тариздөөнү суранат, тиркеменин номери ______сериясы______

Уюштуруучулук-укуктук формасы______________________________________
Менчик формасы________________________________________________
Юридикалык дареги: ___________________________________________
_________________________________________________________________
(юридикалык жак катталган дарек көрсөтүлөт)

Жайгашкан дареги ______________________________________________
_________________________________________________________________
(билим берүү ишмердүүлүгү жүргүзүлгөн дарек көрсөтүлөт)

Салык төлөөчүнүн идентификациялык номери (СИН) ___________
Юридикалык жакты каттоо (кайра каттоо) датасы ________________
төмөнкүгө (*керектүүсүн калтыруу*):
- юридикалык жактын аталышынын өзгөрүлүшүнө байланыштуу;
- юридикалык жактын кайра түзүлүшүнө байланыштуу.

Арыз ээсинин телефон номери (факсы): _______________________________
Арыз ээсинин электрондук почтасынын дареги: _______________________________
_______________________________

Тиркелет: сертификаттын көчүрмөсү

Толтуруу датасы: 20___-жылдын «____» ____________
М.О.

Жетекчинин аты-жөнү
_____________________
(кол тамгасы)

**16-тиркеме**

**Кыргыз Республикасынын**
**Билим берүү жана илим**
**министрлиги**
___________________________
(БУ аталышы)

**Аккредитациялоо жөнүндө сертификаттын дубликатын берүү жөнүндө**
**АРЫЗ**

_____________________________________________________________________
_____________________________________________________________________
(юридикалык жактын толук аталышы көрсөтүлөт)

билим берүү ишмердүүлүгүн жүргүзүү үчүн аккредитациялоо жөнүндө 20___-жылдын «__» _____________ сериясы__________ №____________ сертификатынын дубликатын берүүнү суранат

Уюштуруучулук-укуктук формасы _________________________________________

Менчик формасы ______________________________________________________
Юридикалык дареги ___________________________________________________
( юридикалык жак катталган дарек көрсөтүлөт )

Жайгашкан дареги ____________________________________________________
( билим берүү ишмердүүлүгү жүргүзүлгөн дарек көрсөтүлөт )

Салык төлөөчүнүн идентификациялык номери (СИН)_________________________
____________________

Юридикалык жакты каттоо (кайра каттоо) датасы ______________________
төмөнкүгө (*керектүүсүн (керектүүлөрүн) калтыруу*):
- жоголгондугуна байланыштуу;
- бузулгандыгына байланыштуу.

Арыз ээсинин телефон номери (факсы):________________________________
Арыз ээсинин электрондук почтасынын дареги:__________________________

Толтуруу датасы: 20__-жылдын «___» ____________

М.О.

Жетекчинин аты-жөнү
____________________
(кол тамгасы)